# АДАМ УКУКТАРЫНЫН УКУКТУК-ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**ИБРАЕВА В.С.**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК 323.212**

Тигил же бул түрдө аныкталган адам укуктарынын көйгөйлөрү адамзат тарыхында көп эле болуп келген. Адам укуктары адам менен ал жашаган коомчулуктун (расмий өкүлү бийлик болгон) өз ара катнаш маселелеринин тажрыйбалык чечмеленишинин ыкмаларынын бири болуп эсептелет. Алар бул өз ара катнашта инсандын эркиндигин жана кадыр-баркын, анын баалуулук макамын бекемдешет.

Адамзаттын тарыхынын башаттарында, жамааттык түзүлүш учурунда адам укуктары көйгөйү болгон эмес, себеби: ал учурда инсандардан бөлүнүп чыккан бийлик болгон эмес да, адамдардын эркиндигин, жекелик баалуулугун бийлик катнаштарынан коргоо мукаждыгы жок эле. Андан сырткары мамлекет пайда болгонго чейинки жана алгачкы мамлекеттердин доорунда адамдын өнүккөн өзүн өзү аңдай билүү сезими болбогондуктан мамлекет менен катнашында кылым карыткан салттар менен жетектелген. Ал өзүн урук, уруу, айыл жана мамлекеттен сырткары деп сезбегендиктен, коомдук иерархиядагы өзүнүн абалын (кул, күң болсо дагы) баш ийип кабыл алган.

Адам укуктары көйгөйүнүн пайда болушу коомдун, мамлекеттин жана адамдык индивидуалдуулуктун өсүүсү менен тыгыз байланышкан. Бекеринен алгачкы адам укуктары тууралуу ойлор кээ бир гана материалдык жактан жетишкен, өзүн өзү аңдап биле алган, жеке инсандык баркы (паразаты) өнүккөн ойчулдарда пайда болбогондур. Тарыхий жекече кадыр-барктын жана инсандын бийликке карата автономдуулугунун түшүндүрүүнүн жана ырастоонун түрү катары б.з.чейинки биринчи миң жылдыкта пайда болгон табигый укуктун идеялары изилденген күйгүйдүн алгачкы теориялык негиздери деп эсептесек жаңылбайбыз.

Алгач бул идеялар б.з.чейинки VI-V кылымдарда байыркы грек ойчулдары-софисттер: Ликофрон, Антифон, Алкимаддын ойлорунда кездешет. Алар адамдын туулгандан теңдигин ырасташкан. Ликофрон мамлекетти коомдук келишимдин натыйжасы катары кабыл алган. Ушундай эле мамлекеттин келишимдик түрдө пайда болуусун жана адамдардын асман алдында теңчилигин б.з.чейинки V кылымда кытай ойчулу Мо-цзы да жактаган[1].

Адам укуктары маселесине чоң салымды байыркы грек ойчулу Аристотель кошкон. Ал адамга туулгандан берилген укуктарды, биринчи кезекте жеке менчикке ээ 1улл укугун коргогон. Аристотель ошол мезгилде бүгүнкү күндө таанылган, заманбап адам укуктарынын концепциясына жакын ойлорду бекемдеген. Ал мамлекеттин жаранынын укуктарын гана таанып бастан, табигый жана жасалма, позитивдик укукту бөлгөн да, табигый укук жасалма укукка үлгү 1улл зарылдыгын, акыркысынын бийлик менен адамдардын ишмердүүлүгү жана келишиминин негизинде пайда болгондуктан өзгөргүчтүк касиетин белгилеген[2]. Платон тарыхта биринчи жолу аялдардын эркектер менен теңчилик маселесин карап чыккан, бирок анын оюу боюнча аялдарга мамлекеттик башкарууга жол берүүгө болбойт эле[3].

Байыркы Греция жана Байыркы Римдин ойчулдарынын инсандандын бийлик жана башка адамдар менен катнашындагы автономдуулук, кадыр-барк жана теңчилиги идеясы эркин адамдарга карата гана таанылган. Аристотель ж.б. ойчулдар кулдарды табият тарабынан баш ийүү жана кожоюндарынын айткандарын аткарууга гана багытталган

---

[1] История политических и правовых учений. Учебник / Под ред. О. Э. Лейста. - М.: Юридическая литература, 1997. - С.56.

[2] Аристотель. - Соч.: В 4 т. - М., 1983. - Т. 4. - С. 462.

[3] Васильева Т. В. Путь к Платону. Любовь к мудрости или мудрость любви. — М.: Изд-во «Логос», изд-во «Прогресс-Традиция», 1999. — С.106.

сапаттарга ээ деп келишкен. Табигый укуктардын байыркы тарапташтарынан стоиктер гана адамдын табияттан жынысы, улуту жана коомдук абалына карабастан теңдик ураанын жарыялашкан. Алардын оюу боюнча адамдардын бардыгы космос тарабынан пайда болгондуктан бардыгы “тагдырдын тамашасына” тең. Римдик ойчулдар коомдо укуктук теңчилик сакталышы керек деген пикирге алгачкылардан болуп келишкен. Алар “мыйзамдын таасиринин астына баардыгы түшөт” деген принципти кабылдашкан[4] .

Адам укуктары концепциясынын негизинде жаткан гуманисттик баалуулуктардын кеңири таркалышына чоң салымды христиан дини кошкон. Ал гуманисттик идеяларга жогорку баалуулук макамын берип, аларды диний-адеп-ахлактуулук баалуулуктары менен бириктирген. Христиандык адамдын ички дүйнөсүнө көз салып, ишенимди жана баалуулукту эркин тандап алуусуна, ошону менен бирге инсандык индивидуалдуулугун өнүктүрүүсүнө мүмкүндүк берген. Бул дин адамды руху бар, Кудай тарабынан өзүнүн элесине окшош жаратылган пендеге катары сый мамилени талап кылат. Кудай тарабынан жаралгандык бардык адамдын теңчилигин жана эркиндигин шарттайт. Адамды жакшы көрүүнүн үлгүсү катары Кудайдын өз уулун (Иисус) адамзатты сактоо үчүн 2улл2е жапа чегүүгө дуушар кылганын көрсө болот. Иисустун үгүттөрүнүн биринчи кезекте алсыздарга жана кемсингендерге кайрылышы Кудайга карата руханий таризде адамдардын бардыгынын теңдигине көңүл бурдурган.

Христиандыктын гуманисттик идеялары адамдардын жүрүм-турумунун адептик чектөөсү катары Эски дүйнөнүн кийинки өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизген. Ошентсе да, алар мамлекеттик-укуктук ченемдерде өз ордун таппай, саясий-институционалдык түрдө таанылган эмес. Феодалдык доордо инсан менен бийликтин катнаштары байыркы коомдон мураска калган, патриархалдык жана христиандык адеп менен жумшартылган принциптер таркалган.

Инсан менен бийликтин ортосундагы мамилелер укук жана милдеттердин татаал коомдук иерархиясын сунуш кылган. Адам коомдук тепкичте ээлеген ордуна жараша өз кожоюнунун (сюзерен) көрсөтмөсүн аткарууга милдеттүү болгон. Ошол эле учурда ал кожоюндун коргоосуна жана колдоосуна таяна алган.

Феодалдык доор адамдардын табигый укугун жана адамдардын теңчилигин тааныган эмес. Укуктар монарх же сюзерен тарабынан берилген артыкчылык катары каралган. Ар бир сословиенин өзгөчө укуктары болуп, алар коомдук иерархиянын төмөндөшү менен кыскарат.

Байыркы дүйнөнүн мыйзамдары башкаруучулар тарабына иштелип чыгып, аларга артыкчылыктарды берип, элдин эркиндик менен мүмкүнчүлүктөрүн чектеп турган.

Орто кылымдын мыйзамдары Кодекс же Хартия деп аталып башкаруучулардын адилетсиз мыйзам чыгаруударгы укуктарын чектей алган. Буга мисал 1215-жылы Рунимед талаасында кабыл алынган Магна Карта (Эркиндиктердин Улуу Хартиясы) эсептелинет. Падыша Иоанн тарабынан кол коюлган 2улл Хартия жаңы салыктарды киргизүүдөн жана соттун катышуусуз адамдарды камоодон коргогон. Ага ылайык элдин өкүлчүлүк органы катары парламент пайда болуп, ишмердүүлүгүн баштаган.

63 беренин көпчүлүгү колунда бар төбөлдөрдүн абалын бекемдегени менен кийинчерээк ал жоболор жөнөкөй калктын катмарына карата дагы колдонула баштаган. Эң негизгиси Хартияда төмөнкү принциптер орнолгон: кызмат адамдарынын иш-аракеттеринин мыйзамга дал келүүсү, кылган күнөө менен тарткан жазанын шайкештиги, соттун чечими менен гана күнөлүү деп 2улл, өлкөдөн чыгып кетүү жана кайра кайтуу эркиндиги жана эркиндик менен укуктардын бузулган учурда жамаат менен бийликке каршы чыгуу укугу [5].

---

[4] Закон XII таблиц//История государства и права зарубежных стран : Учебник /Под редакцией проф. Батыра К.И. –М.: Проспект, 2004. – С.95.

[5] Крашенинникова Н. А. Великая хартия вольностей 1215 г. (современная интерпретация) // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 11, Право. — 2002. — № 3. — С. 86—107.

Көп убакытка унутулган табигый укук идеялары XVII-XVIII кылымдардагы либералдардын жана агартуучулардын эмгектеринде кайра каралып чыккан.

Либерализмдин көрүнүктүү өкүлдөрү – Дж.Локк, Ш.Л.Монтескье, Ж.Ж.Руссо, И.Кант, Т.Джефферсон, А.Смит, Дж.С.Милль, И.Бентам жана башкалар заманбап адам укуктарынын негизин салышкан. Алар адамдын жашоого, эркиндикке, менчикке, эзүүгө каршы чыгууга жана башка фундаменталдык укуктарынын адам менен бийликтин ортосундагы мамилелердин табигый, ажырагыс, ыйык ченеми катары негиздешкен.

Адам укуктарынын кепилдигинин жана бийликтин өзүм билемдигин чектөөнүн дагы бир кадамы болуп Habeas Corpus Amendment Act аттуу документтин кабыл алынышы эсептелинет. Ал 1679-жылы кабыл алынып, "Букаралардын эркиндигин мыкты камсыздоо жана деңиздин ары жагында камакка алууну алдын алуу жөнүндөгү Акт" деп аталган, калк Зулл жөн гана Хабеас корпус акт дешкен.

Habeas Corpus — камалган адамдын камакта кармап турганга жоопкер кызмат адамына берилген соттук буйрук болгон. Ал мыйзамга ылайык кепилдикке бошонгонго мүмкүндүгү бар адамдын көп убакытка түрмөдө кармалышын тыйган. Кызмат адамынын Habeas Corpusty аткарбашы камалган же зыян тарткан адамга айып пул төлөө менен жазаланган да, ал өз кызматын аткарганга жөндөмсүз деп табылган[6].

Андан тышкары Habeas Corpus Act бир кылмыш үчүн кайталап жазалоонун жол берилбестигин тааныган[7]. Бүгүнкү күндө жогоруда айтылгандын Зулл инсандын кол тийгистигинин башкы кепилдиги болуп калууда.

1698-жылы кабыл алынган укуктар тууралуу Билль (англиялык) парламенттеги сөз, пикирин айтуу эркиндигин жарыялаган.

Андан кийин 1701-жылы "Падышачылыкты чектөө жана букаралардын укук жана эркиндиктерин мыкты камсыз кылуу боюнча Акт" (Act of Settlement) кабыл алынган. Бул документ Англиянын мыйзамдарынын табигый мүнөзүн аныктаган.

Буга окшогон мыйзамдардын булагы катары Т.Гоббс, Дж.Локктун эмгектеринде чагылдырылган эркиндиктин, табигый адам укуктарынын идеяларын санасак болот. ЗуллЗенте укуктарынын өнүгүүсүнө гана эмес, көптөгөн мамлекеттердин мыйзам чыгаруу тажрыйбасына да чоң салым кошкон.

Томас Гоббс – адам укуктары маселесине чоң салым кошкон XVII кылымдын белгилүү англис материалист-ойчулу. Ал өз замандаштары сыяктуу эле таигый укук теориясын жактап, адамдар табияттан дене жана акыл тарабынан тең деп тааныган.

Табигый теңчиликтен адамдардын бир максатка жетүү үчүн табигый мүмкүнчүлүктөрү келип чыгат.Башкача айтканда, ар бир адам коомдогу тигил же Зулл жыргалчылык үчүн калган адамдар сыяктуу эле укукка ээ. Ал бир нече табигый мыйзамдарды аныктаган: 1) Адам өзүнө карата башкалар тарабынан мүмкүн болгон эркиндиктин деңгээлинен улам башкаларга карата эркиндик менен канааттанышы керек; 2) бир дагы адам башканы кемсинтпеши керек; 3) ар бир адам табияттан бардыгынын теңчилигин таанышы керек.

Укуктун табигыйлуулугу инсандын төрөлгөндүгүнөн тарта адамзатка тиешелүүлүгүнөн улам келип чыкса, ажырагыстыгы ансыз адам тирүү жан катары өзүнүн адамдык касиеттерин көрсөтө албастыгын, убакыт жана мейкиндиктен көз карандысыз дегеле адамга тиешелүүлүгүн билдирет. Ал эми укуктун ыйыктыгы адам укуктарынын сыйлуулугун, коомдук баалуулуктардын арасындагы макамын көрсөтөт.

Адам укуктары маселесине Агартуу доорунун сиңирген эмгеги алардын теориялык негизделишинде эле эмес, иш жүзүнө ашырууга жол табуусунда жаткан. Аларга биринчи кезекте элдик эгемендүүлүк жана бийликтин бөлүштүрүлүш принциптери тиешелүү.

Элдик эгемендүүлүк принциби Дж. Локк жана Ж.Ж.Руссо тарабынан иштелип чыгып, ийликтин инсандарга бай ийүүчүлүгүн билдирет, себеби алар өз ыктыяры менен

[6] Законодательство Английской революции 1640-1660 гг. / Сост. Дмитревский Н. П. - М., 1986. – С. 194.
[7] Акт о лучшем обеспечении свободы подданного и о предупреждении заточений за морями // Международные акты о правах человека. – М., 1999. – С. 10.

коомго бириккен, жана бийлик адамдын фундаменталдуу: жашоого, эркиндикке жана менчикке болгон укуктарына 4улл келтирген учурда "коомдук келишимди" тануга жана бийликти алмаштырууга укуктарына ээ.

Джон Локк – бийликтин бөлүнүү теориясын негиздеген көрүнүктүү англис материалист-ойчулу. Ал тарабынан укуктун үстөмдүгү, мамлекеттик жашоонун укуктук уюштурулуш идеяларына негизделген ажырагыс адам укуктары жана эркиндиктеринин либералдык концепциясы иштелип чыккан. Анын ою боюнча, ар бир адам табияттын мыйзамдарына ылайык "өз менчигин, б.а. өз өмүрүн, эркиндигин жана менчигин" коргоого укугу бар[8]. Анын ою боюнча: "Өкмөттүн бийлигинин алдында болгон адамдардын эркиндиги коомдогу ар бир жаранга бирдей мыйзам чыгаруу бийлиги тарабынан аныкталган жашоонун тартибинин болушу менен белгиленет. Ал – мыйзам тыйбаган бардык учурда өз каалоосу менен 4улл жана башка адамдын ар качан, аныкталбаган, белгисиз өз билемдик эркинен көз каранды болбоо эркиндиги."[9].

Жеке эркиндиктерди кепилдеген экинчи принцип – бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактарына бөлүнүшү. Бул принцип толук бойдон 1748 жылы Шарль Луи Монтескье тарабынан калыптанган. Бул принцип бүгүнкү күндө дагы көп мамлекеттерде инсанды бийлик тарабынан кыянаттык менен пайдалануу жана кысым кылуудан коргогон механизм катары пайдаланылат. Монтескье өзүнүн "Мыйзамдардын руху тууралу" эмгегинде адамдардын саясий эркиндиги маселесин көтөрүп чыккан. Саясий эркиндик бийликти кыянаттык менен пайдалануу болбогон жерге гана болот жана ал ар бир адамдын каалаганын жасоону билдирбейт. Экинчи тарабынан саясий эркиндик жарандын коопсуздугу менен байланыштуу.

Экинчи француз агартуучусу Жан Жак Руссо адамдардын арасындагы теңсиздиктин пайда болуш маселесин изилдеген. Анын ою боюнча "коомдук келишим боюнча адам өзүнүн табигый эркиндигин жана ага 4улл4 жана ал ээ боло турган нерселерге болгон чексиз укуктарын жоготот; ошол эле учурда ал жарандык эркиндикке жана ээ болгон нерселерге менчик укугуна ээ болот"[10]. Ал эркиндиктин эки түшүнүгүн аныктаган. Биринчиси болуп адамдын кара күчү чектеген табигый эркиндик эсептелсе, экинчиси болуп жамааттык эрк менен чектелген жарандык эркиндик.

Либералдык-гуманисттик көз караштан улам адам укуктары жана эркиндиктерин философиялык өңүттөн изилдөөгө чоң салымды Иммануил Кант кошкон. Анын агностицизмине (кубулуштарды гана аңдап билүү мүмкүндүгү) ылайык теориялык акыл-эс "адам эмне кылышы керек?", "адам эмнеге үмүттөнө алат?" деген суроолорго эмес, "адам эмнени биле алат?" дегенге гана жооп бере алат. Канттын этикасынын негизги ою – адамдын моралдык көз карандысыздыгын жана инсандын автономдуулугунун мазмунун, тийиштүүлүктүн ченемин бекитүү жана 4улл сырттан басым жана кыстоосуз орундатуу жөндөмдүүлүгүн жана укугун аныктаган адамдын эркиндиги.

Канттын ою боюнча "Адам укуктары, үстөмдүк кылган бийликке кандай гана курмандыкка турбасын ыйык деп эсептелиши керек. Бул жерде ортосу жок, прагматикалык шартталган укук тууралу ойлоого болбойт, бардык саясат укуктун алдында тизе бүгүшү керек…"[11].

Заманбап дүйнөлүк процесстердин укуктун, адамдын укуктары жана эркиндиктеринин өкүмчүлүгү идеясынын ар тараптуу таанылуу жана ырастоо багытында интенсивдүү өнүгүү шарттарында инсандын автономдуулугу, анын укук жана эркиндиктери, укуктук саясат мамлекеттик турмушту укуктук уюштуруу, эл аралык

8 Локк Д. Избр. философ. произв., - т. 2. - М., 1960. - С. 28.
9 Кузнецов В.Н Мееровский Б.В Грязнов А.Ф. Западноевропейская философия XVIII в. – М.: Просвещение, 1986. – С. 185.
10 Занин С. В. Общественный идеал Жан-Жака Руссо и французское Просвещение XVIII века . — СПб.: Міръ, 2007. — С. 235.
11 Мамут Л.С. Политические и правовые учения в Германии в конце XVIII – начале XIX в. // История политических и правовых учений. - М., 1995. - С. 400.

тынчтыкты камсыз кылуу ыкмасы катары эркин мамлекеттердин укуктук союзу тууралу Канттын окуусу өзгөчө актуалдуу болуп чыга келди.

Андан кем эмес салымды адам укуктары жана эркиндиктеринин философиялык негиздөөсүнө Георг Гегель салган.

Анын теориясынын өзөктүү түшүнүгү – "эркиндик", ага ылайык эркиндик аныктоочу башат жана өнүгүүнүн акыркы максаты болуп эсептелет.

Адамдын эркиндиги – рухтун көпкө созулган эмгегинин натыйжасы. Адам эркиндигинин идеясы толугу менен заманбап конституциялык калыптанган жана өнүккөн мамлекеттерде гана ишке ашырылуусу мүмкүн.

Гегелдин пикири боюнча "укук – адамдагы эң баалуу жана эң татыктуу болгон эркиндикке тийиштүү, адам өзү укуктарын билиши керек, себеби ал адам үчү, адам өзү укуктарын билиши керек, себеби ал адам үчүн милдеттүү". Укук менен эркиндиктин ички биримдигин белгилеп ал: "Укук болумуш эркин ыктыярдын болумуш экендигинде турат. Укук жалпысынан алганда идея катары эркиндикти тутундурат" деп белгилеп кеткен[12].

Жарандык коом менен саясий мамлекетти айырмалап Гегель жарандык коом – адам укуктары жана эркиндиктеринин ишке ашырылыш чөйрөсү, жеке максаттар жана инсандын өздүк кызыкчылыктарынын тармагы деп билген. Дал ушул коом адамзатты жапайычылыктын табигый абалынан алып чыккан деп ойлогон. Жарандык коомдо гана ар бир адамдын мыйзам кепилдеген эркиндигин камсыздаганга коомдук мамилелерди тескөөнүн механизми катары укуктун пайда болуусуна шарттар түзүлөт. Ал коомдук эркиндиктин кепилдиги катары мамлекеттик бийликтин бөлүнүүсүн тааныган. Чыныгы мамлекет деп Гегель адам укуктары жана эркиндиктери таанылган укуктук мамлекетти эсептеген.

Адам укуктары жана эркиндиктеринин конституциялык камсыз кылынуусуна Түндүк Америкадагы Англиянын колониялары чоң салым кошкон. 1601-ж. кабыл алынган Вирджиния штатынын Хартиясы штаттын калкынын Англиянын чегинде туулгандар сыяктуу "бардык укуктары артыкчылыктары жана иммунитеттерин" ырастаган.

1641-ж. күчүнө кирген Массачусетстин эркиндиктеринин жыйнагы кийин Укуктар тууралу Биллге киргизилген негизги укуктарды биротоло аныктаган.

Т.Джефферсон, Б.Франклин, Т.Пейн, Дж. Мэдисон жана башкалардын саясий ойлору табигый укук доктринасынын, коомдук келишим, адам укуктары жана эркиндиктеринин принциптерин андан ары өнүктүргөн.

Дж.Мейсон тарабынан жазылып, 1776-жылдын 12-июнунда кабыл алынган Вирджиниянын укуктарынын Декларациясы бардык адамдар табияттан бирдей деңгээлде эркин, көз карандысыз жана коомдун мүчөсү 5улл менен тана албаган ажырагыс укуктарга ээ деп таанылат[13].

Ошол эле жылдын 4-июлунда жаңы мамлекеттин түзүлүшүн таанып, адамдын ажырагыс, табигый укуктарынын андан аркы өнүгүүсүндө чоң роль ойногон АКШнын көз карандысыздыгынын Декларациясы кабыл алынган.

Декларация: "Биз төмөнкү чындыкты шексиз дейбиз: бардык адамдар тең жаралган жана жараткандан кээ бир ажырагыс укуктарга ээ болгон, алардын ичинде: жашоого, эркиндикке жана бакытка умтулууга…"[14]. Бул укуктардын жарыяланышы Декларациянын демократиялык мүнөзүн чагылдырган.

1787-жылы кабыл алынган АКШнын Конституциясы атайын адам укуктарын жана эркиндиктерин камтыбагандыктан ратификациялоо жараяны 1791-жылы гана аяктаган. 1789-жылы Дж.Мэдисон жана Т. Джефферсон тарабынан жазылып, тарыхта америкалык Адам укуктарынын Билли аталган Конституцияга биринчи 10 толуктоо киргизилген. Толуктоолор штатттар тарабынан 1791-жылдын 15-декабрында ратификацияланган.

[12] Гегель. Философия права. Академия наук СССР. Институт философии. – М.: Из-во "Мысль", 1990. - С 69.
[13] Э-ресурс: http://community.icitizenforum.com/russian/virginia-declaration-of-rights
[14] Хрестоматия по всеобщей истории государства и права / Сост. В. Н. Садиков. – М., 1994. - С. 206.

Кийинки эки кылым аралыгында инсандын укуктук макамын аныктаган дагы 9 толуктоолор киргизилген.

Адам укуктарынын Билли укук жана эркиндиктерди өзгөчө белгилеген: "Конгресс сөз же басма эркиндигин чектеген бир дагы мыйзам чыгарбашы керек…"[15].

Биллдин авторлору мамлекет тарабынан адамдын укук жана эркиндиктерин жөн гана жарыялап тим болбостон, укук жана эркиндиктер адамга төрөлгөндөн таандык экендигин таанышкан. Бул документтин максаты коомдо зомбулукка жол бербөө, мамлекеттин адамга карата болгон бийлигинин чегин аныктоо болгон. Анын өзгөчөлүгү адам укуктарынын федералдык бийликтерге адамдын табигый укуктарын чектөөчү мыйзамдарды чыгарууга тыюу булл түрүндө туюндурулушунда жатат. Бир гана VI толуктоодо "айыпталуучунун укугу бар" деген түшүнүк калыптандырылган. Мындай туюндурма америкалыктардын мамлекеттик бийликке болгон ишениминин жоктугунан, адамга карата бийликтин зомбулугун чектөөгө болгон умтулуу менен аныкталат. Ошондуктан булл буллбенте адам укуктары инсандын жүрүш-турушунун эрежелери катары эмес, инсандын укуктары менен чектелген анын эркиндигин буза албай турган бийликтин ыйгарым укуктарын чектөө катары туюндурулат. IX толуктоо "Конституцияда укуктардын эсептелиши элдин башка укуктарын булл же кемитүү катары түшүндүрүлүшпөсү керек" деп толуктайт[16].

Демек, айтылган документтер эл аралык укук тарабынан таанылган укук жана эркиндиктерди түздөн-түз жарыялабагандыктан аларды башка ченедик-укуктук акттар, соттук прецеденттер, конституциялык адаттар жана 50 штаттын конституциялары менен мыйзамдары толуктайт.

Классикалык либерализмде адам укуктары көйгөйү чектелген тар мүнөзгө ээ болгон. Ал жеке менчикке ээ болгон физикалык жак катары адамдардын мамлекет менен болгон мамилесин гана караган. Адам укуктары жарандардын жеке коопсуздугун камсыз кылат, алардын жеке (экономикалык, үй-бүлөөлүк, диний жана башка) жашоосун башкалар жана мамлекет тарабынан кийлигишүүсүнөн коруп турат, ошону менен катар менчик ээлерине бийликти анын өкүлдөрүн шайлоо аркылуу көзөмөлдөө мүмкүндүгүн берет. Адамдардын экономикалык, маданий жана башка мамилелери мамлекеттин көз жаздымынан калып, ошого ылайык келген экономикалык, руханий, маалымат ж.б. бийликтин түрлөрү менчик ээлеринин колдорунда топтолот.

Адам укуктары маселесин либералдуу чечүү жарандарды мамлекеттин ээн баштыгынан коруганы менен, менчик ээлеринин зордук-зомбулугунан коргоп, коомдун бардык мүчөлөрүнүн коомдук эркиндигине алып келе алган эмес. Өндүрүш революциясына жана капитализмдин бекемделишине ыңгайлуу шарт түзүү менен бирге ал социалдык теңсиздикти тереңдетип, класстык кагылышууларды курчуткан.

Ушундан улам жумушчу жана башка коомдун төмөнкү катмарлары колунда жок жарандардын адамдык кадыр-баркын жана эркиндигин таанып, менчик ээлеринин бийлигин чектеген мыйзамдарды кабыл алуу талаптарын коюшкан.

Биринчи жолу либералдык укуктарды социалдык укуктар менен толуктоо тууралуу талаптар XIX кылымдын биринчи жарымында Англиядагы жумушчулардын чартисттик кыймылы тарабынан негизделген. 1839-жылы иштелип чыккан программасында чартисттер социализмге эволюциялык өнүгүү жолу аркылуу жетүү тууралуу: б.а. либералдык укуктарды танбастан туруп эмгекти булл, адилет баалоо жана мамлекетти башкарууда жумушчулардын тең укуктуу катышуусун талап кылышкан.

Инсандын өндүрүштөгү укуктарын коргогон жана жашоонун ыңгайлуу шарттарын түзгөн социалдык укуктардын болушу социализмдин негизги ураандарынын бири болгон. Бул укуктардын көбү (эмгекке, эс алууга, билим алууга ж.б. болгон укук) СССР жана

---

[15] История государства и права зарубежных стран. Часть 1. Учебник для вузов. Под ред. проф. Крашенинниковой Н.А и проф. Жидкова О. А. — М.: Издательская группа НОРМА — ИНФРА-М, 1998. — С. 280.

[16] Там же, - С. 283.

социалисттик лагердин башка өлкөлөрүнүн конституцияларында кабыл алынган. Бирок алардын камсыз кылынышы салтту либералдык укуктардын бузулушу менен коштолгон. Акырынды 7улл коомдогу түрдүү социалдык артыкчылыктардын көбөйүшүнө, социалдык ашка жүктүктүн таркашына, көпчүлүк жарандардын жашоо деңгээлинин төмөндүгүнө алып келген.

Батыш өлкөлөрүндө жарандардын социалдык укуктары укуктук түрдө экинчи дүйнөлүк согуштан соң бекитилген. 1948-жылы БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган адам укуктарынын Бүткүл дүйнөлүк декларациясы эмгекке, эс алууга, коомдук камсыз кылууга, билим алууга, жашоонун нарктуу деңгээлине болгон укуктардызүнө камтыган. Мунун өзү социалдык укуктардын көптөгөн мамлекеттерде конституциялык жана мыйзамдык бекитилишине алып келген. XX кылымдын экинчи жарымында алдынкы өлкөлөрдө 7улл укуктарды камсыз кылууга материалдык мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Акыркы отуз жылда адамдар тарабынан жаралган дүң продуктынын наркы 1,7 триллион АКШ долларынан 15 триллионго өскөн. Бул болжолу менен Жер жүзүндө акыркы эки миң жылдыкта өндүрүлгөн байлыктын наркына барабар болгондуктан барык жарандардын маанилүү материалдык керектөөлөрүн канааттандырууга мүмкүндүк берет.